Бекитемин:

Мектеп директору

Кендирбаева Б.К.

"8" 11 2017 жыл

# Соц.педагок жөнүндө
# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын социалдык кызматкери жөнүндө ушул жобо (мындан ары - Жобо) социалдык кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик жана мамлекеттик эмес, муниципалдык социалдык тейлөө мекемелеринде колдонулат.

2. Жободо төмөнкүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

социалдык кызматтын клиенти - жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган адам, ага ушуга байланыштуу социалдык кызматтар көрсөтүлөт;

социалдык жактан колдоо - жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган адамдарга көрсөтүлүүчү социалдык-экономикалык, укуктук жана башка мүнөздөгү социалдык кызматтардын комплекси;

социалдык тейлөө - социалдык колдоо, социалдык-укуктук кызмат көрсөтүү жана материалдык жардам берүү, жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган жарандарды социалдык адаптациялоо жана реабилитациялоо боюнча мамлекеттик стандарттарга ылайык социалдык кызматтардын иши;

социалдык кызмат көрсөтүү - социалдык кызматтын клиенттерине "Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган жардамды көрсөтүшү боюнча аракеттер;

социалдык жумуш - адамдардын, адамдардын топторунун жашоо-тиричилигинин тиешелүү деңгээлин камсыз кылуу жана жашоо-тиричиликтин оор кырдаалынан арылуу үчүн алардын өз мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү үчүн аларга социалдык-мединалык, психологиялык-педагогикалык, социалдык-укуктук жактан жардам көрсөтүү максатында аларга мамлекеттик жана мамлекеттик эмес таасир көрсөтүүнүн түрү;

социалдык кызматкер - Кыргыз Республикасынын социалдык кызматынын алкагында жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган адамдарга социалдык тейлөө кызмат көрсөтүүлөрүн жүзөгө ашырган кызматкер;

социалдык кызмат - менчигинин түрүнө карабастан социалдык кызматтарды көрсөткөн уюмдар, ошондой эле юридикалык жакты түзбөстөн туруп калкты социалдык жактан тейлөө боюнча ишкердик менен алектенген жарандар;

жашоо-тиричиликтин оор кырдаалы - жарандын жашоо турмушун объективдүү түрдө бузган, андан өз алдынча чыгууга мүмкүн болбогон кырдаал (майыптык, жашы улгайганына байланыштуу өзүн өзү тейлөөгө жарамсыздык, жетимдик, кароосуз калгандык, жумушсуздук, белгилүү бир жашаган жеринин жоктугу, чыр-чатактар жана үй-бүлөдөгү катаал мамиле, жалгыздык жана башка ушул сыяктуулар).

## 3. Социалдык кызматкердин укуктары жана милдеттери

8. Социалдык кызматкер төмөнкүлөргө укуктуу:

- жеке кадыр-баркы урматталышына, жетекчилер, кесиптештер жана клиенттер тарабынан өзүнө карата адилеттүү жана урматтуу мамилеге;

- иш берүүчүнүн эсебинен өзүнүн кесиптик квалификациясын жогорулатууга;

- эмгек акыны, өргүүнү, тиешелүү кепилдиктерди жана сыйлык акыларды, ошондой эле социалдык колдоо чараларын алууга;

- ден-соолук үчүн коопсуз эмгек шарттарына;

- өзүнүн укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоого, ошондой эле кызмат адамдарынын укукка жат аракеттерине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга;

- социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;

- өздөрүнүн ишине түздөн-түз тиешеси бар документтердин жана материалдардын көчүрмөлөрүн тиешелүү органдардан алууга.

9. Социалдык кызматкер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жашоо-тиричиликтин оор кырдаалына кабылган адамдарды табууга жана алардын эсебин жүргүзүүгө;

- социалдык кызматтын клиенттеринде оорчулуктардын, чыр-чатактуу кырдаалдардын келип чыгышынын себептерин белгилөөгө, аларды чечүүдө аларга көмөк көрсөтүүгө;

## 4. Социалдык кызматкерлерди социалдык коргоо жана колдоо

12. Социалдык кызматкерлерди социалдык коргоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен кепилденет.

13. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары социалдык жактан тейлөөнүн мамлекеттик уюмдарында иштеген социалдык кызматкерлер үчүн кошумча жеңилдиктерди белгилей алат.

14. Социалдык кызмат системасындагы менчиктин башка формаларындагы социалдык тейлөө мекемелери кошумча социалдык колдоо чараларын белгилей алат.

## 5. Социалдык кызматкердин контролу жана жоопкерчилиги

15. Социалдык жактан тейлөө жаатында иштеген адамдардын социалдык кызматтын клиенттеринин өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурган кесепеттерге алып келген аракеттери (аракетсиздиги) үчүн жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана негиздерде келип чыгат